**ФИЗИКА 10 КЛАСС**

**ОКУТУУ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН ВАРИАНТ 2**

**№ 1.** Идиште $4{,}5\cdot10^{24}$ газдын молекуласы бар. Газ канча молго ээ?
а) 27 б) 6 в) 7,5 г) 4,5

**№ 2.** Изохоралык процесс үчүн термодинамиканын биринчи законун (башталышын) тапкыла.
а) $\Delta U = A + Q$ б) $\Delta U = Q$ в) $\Delta U = Q_1 + Q_2$ г) $\Delta U = A$

**№ 3.** Идеалдык газ жуткан жылуулук … толук бойдон анын ички энергиясын көбөйткөнгө жумшалат.
а) изотермикалык кеңейүүдө б) изотермикалык кысууда
в) изобаралык кеңейүүдө г) температура изохоралык өскөндө

**№ 4.** Эгерде сыйымдуулугу турактуу жалпак конденсатордун пластиналарынын ортосундагы потенциалдардын айырмасын 2 эсеге азайтсак, анда конденсатордун энергиясы кандай өзгөрөт?
а) 2 эсе азаят б) 2 эсе чоңоет в) 4 эсе чоңоет г) 4 эсе азаят

**№ 5.** Электр чынжыры ички каршылыгы 2 Ом ток булагынан, каршылыгы 12 Ом керектөөчүдөн. Ток булагынын э.к.к канчага барабар? Чынжырдагы ток күчү 6 А.
а) 84 В б) 60 В в) 72 В г) 12 В

**№ 6.** Нерсе тик өйдө көздөй баштапкы 49 м/с ылдамдыгы менен ыргытылды. Кандай бийиктикте анын кинетикалык энергиясы потенциалдык энергиясына барабар болот?
а) 10 м б) 30 м в) 600 м г) 61 м

**№ 7.** Көлөмү 2 л идиште $6\cdot10^{22}$ молекула кармалат. Эгерде газ 800 кПа басым көргөзсө, анын молекулалрынын орточо кинетикалык энергиясы кандай?
а) $2\cdot10^{-20}$ б)$\cdot8\cdot10^{-20}$ в)$\cdot6\cdot10^{-20}$ г) $4\cdot10^{-20}$

**№ 8.** ЭКК ε=6 В жана ички каршылыгы r=0,1 Ом болгон аккумулятор сырткы каршылыгы R=1264 Ом чынжырга туташтырылган. t=10 мин ичинде чынжырда кандай сандагы жылуулук бөлүнүп чыгат?
а) 200 Дж б) 500 Дж в) 1,7 кДж г) 300 Дж

**№ 9.** Көлөмү 20 л резина зонддунун катмарында, басымы 100 кПа 5 моль газ жайгашкан. Эгерде турактуу температура кезинде ага 7 моль газ кошулса жана басымын 20 кПа га көбөйтсө, зонддун көлөмү кандай болуп калат?
а) 0,01 б) 0,02 в) 0,03 г) 0,04

**№ 10.** 220 В чыңалууда, электр ысыткычы 2 кВт кубаттуулукту пайдаланат. Бул электр ысыткычынын спиралын даярдаш үчүн, туура кесилиш аянты 0,2 $мм^2$ болгон кандай узундуктагы нихром зымын алыш керек? Нихромдун салыштырма каршылыгы $110\cdot10^{-8}$ Ом·м.
а) 2,2 б) 6,6 в) 8,8 г) 4,4